# Клавиатура

## Клавиатура негизинен үч топко бөлүнөт

***Биринчи топ*** - функцианалдык клавишалар (F1 - F12). Бул клавишалардын функциялары клавишаны басуу учурунда кайсы система иштеп тургандыгына жараша өзгөрүп турат.

***Экинчи топ*** - алфавит - цифралык клавишалар тобу. Бул клавишаларды басуу аркылуу БПга (борбордук процессор) орус жана латын алфавитинин , цифралардын жана атайын белгилердин коддору жиберилет.

***Үчүнчү топ*** - башкаруу клавишалары жана кээ бир атайын кызматтагы клавишалар киришет:

Space (пробел) - эң узун клавиша - боштук.
Alt + Tab - программалар терезелерине кезеги менен өтүп туруу.
Alt+Enter же Shift+F10 - касиеттер менюсун ачуу.
Del - өчүрүү, алып салуу.
Ctrl+A - баарын бөлүп алуу.
Ctrl+C - көчүрмө түзүү.
Ctrl+V - көчүрмөнү жайгаштыруу.
Caps Lock - алфавиттик - цифралык клавишалардын жогорку регистрлерин ишке киийрүү.
Alt+Shift - ариптерди алмаштыруу.
Shift , Ctrl, Alt - бул клавишалар башка клавишалар менен чогуу иштетилет, мисалы "Shift - A", "Ctrl - E", "Ctrl - Alt - Delete".
Enter - ЭЭМдин оперативдик эсине маалыматтарды киийрүү.
Backspace - терилген сапты же ариптерди оңдон солду көздөй өчүрүү.
Insert - белгини (арип, цифра ж.б) сапка кошуу же алмаштыруу тартибин киийрүү.
... жылдыруу.

## Информатика кабинетиндеги техникалык коопсуздук эрежелери:

1. ЭЭМ кабинетинде тынчтыкты, тазалыкты сактоо керек.
2. ЭЭМсын мугалимдин көзөмөлдөөсү жок иштетпегиле!
3. ЭЭМсы менен иштегенде көз менен экрандын аралыгы 40-50 см. болуш керек.
4. Класста чуркаба. Электр проводдорун кармаба.
5. Дисплейдин экранына колуңар же башка буюмдарды тийгизбе!
6. ЭЭМсы бирдей температураны талап кылат.
7. Компьютер менен иштөөдө эрежеге жооп бербеген нерселерди жасабагыла.

